Жалгыз сен

с.о: Мейликан Темирова

Баратам узун жолдордо
Сени эстеп үмүт толгондо
Жолуксак экен деп жүрөк
Байланып сени издеп жүрөт

Жалгыз сен деп согот, жан дүйнөмдө толот,
Элесиңди эстеп, сезимдерим күчөп

Асманда булуттардай
Көктөгү жылдыздардай
Жылмайган көздөрүңдү
Эңсеймин сүрөтүңдү карай ай

Себелеп жазгы жамгырдай
Күн өтөт учкан шамалдай
Мезгилдер менен күрөшкөн
Сүйүүм бар сен деп өчпөгөн ай

Эмнеге жашоо жүрөктү
Тагдырга байлап күчөттү
Сезимдер гана өчпөгөн
Жылдыздай жанат түндөгү

Жалгыз сен деп күчөп, жан дүйнөмдө толуп,
Бир өзүңдү эстеп, жүрөгүм бат согот

Асманда булуттардай
Көктөгү жылдыздардай
Жылмайган көздөрүңдү
Эңсеймин сүрөтүңдү карай ай

Себелеп жазгы жамгырдай
Күн өтөт учкан шамалдай
Мезгилдер менен күрөшкөн
Сүйүүм бар сен деп өчпөгөн ай